**<u>Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган</u>**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

Сайнидин Султанидинович Султанидиновдун «Жаран Сайнидин Султанидинович Султанидиновдун «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 53-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-пунктунун жана 4-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 13-июлундагы № 47 аныктамасына даттануусун канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө

# ТОКТОМУ

2017-жылдын 2-октябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу - судья Э.Т. Мамыров, судьялар К. Абдиев, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.М. Киргизбаев, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаевдин курамында, соттук отурумдун катчысы К.А. Аблакимовдун катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, С.С. Султанидиновдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 13-июлундагы № 47 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусун соттук отурумда карап чыкты.

С.С. Султанидиновдун даттануусунда баяндалган жүйөлөрдү жана өтүнүч боюнча материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2017-жылдын 27-июнунда жаран С.С. Султанидиновдун «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 53-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-пунктун жана 4-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгүнө, 20-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Кайрылуудан келип чыккандай, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзамга шайлоо күрөөсүнүн суммасын мыйзам менен бекитилген эсептик көрсөткүчтүн миң эсе өлчөмүнөн он миң эсе өлчөмүнө чейин көбөйткөн өзгөртүүлөр киргизилген. Демек, кирешеси төмөн жана орто болгон жарандар Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер катары катыша албайт.

Ушуга байланыштуу, арызданууччу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык эч ким мүлктүк же башка абалы боюнча кодуланышы мүмкүн эмес деп белгилейт. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдар кабыл алынбашы керек. Мындан тышкары Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгү менен адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин чектеген мыйзам алдындагы укуктук актыларды кабыл алууга тыюу салынат.

Баяндалганды эске алуу менен, арызданууччу жогоруда көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын 53-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-пунктун жана 4-бөлүгүн конституциялуу эмес деп таанууну суранууда.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1-пунктун, 5-бөлүгүн жетекчиликке

алып, 2017-жылдын 13-июлундагы № 47 аныктамасы менен өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан кийинкидей негиздер боюнча баш тартты.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин талаптарына ылайык судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө маселени чечүүдө аталган конституциялык Мыйзамдын 25-беренесинде көрсөтүлгөн кайрылууга болгон талаптардан келип чыгат.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 6, 7 жана 9-пункттарына ылайык тарап өзүнүн талабын негиздеген жана өзү берген фактыларды ырастаган жагдайларды, талашылып жаткан ченемдик актынын толук аталышын, номурун, кабыл алынган датасын, жарыяланган булактарын жана башка реквизиттерин, ошондой эле кайрылуучунун коюлган маселе боюнча көзкарашын жана аны Конституциянын ченемдерине шилтеме менен укуктук негиздемесин көрсөтүшү керек.

Бирок көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын бул талаптары сакталган эмес. Маселен, арызданууучу менен талашылып жаткан ченемдердин Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келүүсү жөнүндө күбөлөндүрүлгөн жетиштүү укуктук аргументтер келтирилген эмес.

Судьялар коллегиясы шайлоо күрөөсү Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат орду үчүн күрөшүүгө олуттуу ниети болгон өтө жоопкерчиликтүү талапкерлердин өтүүсүн камсыздаган шайлоо процессинин зарыл элементи болуп саналат. Жарандар өзүнүн солгун шайлоо укугун эркин шайлоолор принцибинин негизинде, б.а. мажбурлоонун эмес, ыктыярдуулуктун негизинде жүзөгө ашырышат. Кыргыз Республикасынын Президенти болуп шайлануу - бул жарандын милдети эмес, ал анын укугу.

Мыйзам чыгаруучу шайлоочулардын кызыкчылыгын көздөп, шайлоочулардын жетиштүү колдоосуна ээ болбогон катышуучуларды шайлоо процессинен алып салууга мүмкүндүк берген атайын алдын ала шарттарды кароого укуктуу. Демек, шайлоо күрөөсүнүн болуусунун өзү шайлоонун жыйынтыктары менен байланышы жок, ал эми президенттикке талапкерди колдоо үчүн шайлоочулардын белгилүү сандагы колтамгасын чогултуу талабы менен катар шайлоо кампаниясында катышуунун шарттарынын бири гана болуп саналат, ал кайсы бир конституциялык укуктар менен эркиндиктердин бузулуусу катары каралышы мүмкүн эмес.

Баяндалганды эске алуу менен судьялар коллегиясы бул кайрылууну кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктама кабыл алышкан.

С.С. Султанидинов, судьялар коллегиясынын бул аныктамасы менен макул болбостон, 2017-жылдын 26-июлунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылган.

Арыздануучу өзүнүн даттануусунда шайлоо күрөөсүнүн өлчөмүн көбөйтүү жарды жарандарды президенттикке талапкер катары шайлоого катышуу укугунан ажыратууда, бул Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгүнүн, 20-беренесинин 1-бөлүгүнүн талаптарын бузууда, ага ылайык эч ким мүлктүк же башка абалы боюнча кодуланышы мүмкүн эмес, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгарган же кемсинткен мыйзамдар кабыл алынбашы керек экендигин белгилейт. Ушуга байланыштуу, арыздануучу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2017-жылдын 13-июлундагы № 47 аныктамасын жокко чыгарууну жана анын өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алууну сурануда.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арыздануучунун жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздерин талкуулап, кийинкидей тыянактарга келүүдө.

С.С. Султанидинов даттанылып жаткан аныктамадагы баяндалган жүйөлөрдү эсине алган жок, жана шайлоо күрөөсүнүн өлчөмүн көбөйтүү жарды жарандардын президенттикке талапкер катары катышуу укугунан ажыратууда, бул мүлктүк абалы боюнча кодулоону, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгарган же кемсинткен мыйзамдарды кабыл алууга тыюу салуу маселелерин регламенттеген Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгүнүн, 20-беренесинин 1-бөлүгүнүн талаптарын бузууда деп кайталап арызданууда.

Арыздануучу «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24, 25, 26-беренелеринин талаптарын сактаган эмес, аларды аткарбоо кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартууга алып келет.

Мында ченемдик укуктук актылардын конституциялуулук презумпциясынын күчүнө карай ченемдик укуктук актылардын конституциялуу эместиги тууралуу маселени коюу алардын конституциялуулугунда күмөндүүлүктү туудурган ынанымдуу жүйөлөр болгондо гана мүмкүн. Көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын 24-беренесинде мыйзамдын, башка ченемдик укуктук актынын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу - ишти кароого негиз болуп эсептелет деп белгиленген. Өз кезегинде талашылып жаткан ченемдин конституциялуулугунда күмөндүүлүктү туудурган

ынанымдуу укуктук аргументтер болгондо мындай күмөндүүлүк пайда болушу мүмкүн, бул жагдай арыздануучунун өтүнүчүндө табылган жок.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Сайнидин Султанидинович Султанидиновдун «Жаран Сайнидин Султанидинович Султанидиновдун Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 53-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-пунктунун жана 4-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 13-июлундагы № 47 аныктамасына даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ушул токтому акыркы, даттанылууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**